# ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ ИШЕНИЧ ЖАНА АНЫН ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МАМЛЕКЕТ ЖӨНҮНДӨГҮ КӨЗ КАРАШЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНА ТААСИРИ

Докт., доц. Режаи Доган*

Кымбаттуу меймандар! Адам баласында жана башка жан-жаныбарларда кездешүүчү ишеним сезими эң маанилүү сезимдердин бири болуп эсептелет. Себеби бул сезим күч-кубатын жоготсо же таптакыр жок болуп кете турган болсо, башка сезим-түйүндөрү дагы мокоп, акыр түбү өзүнүн функциясын жоготушу мүмкүн.

Жогоруда айтылып өткөн нерселердин экономикалык, саясий, адеп-ахлак менен байланыштуу жана башка жагдайлары да бар. Бирок булардын ичинен эң маанилүүсү жана эң башкысы болуп - инсандын жашоосу менен түздөн-түз байланыштуу болгондугу эсептелери шексиз. Мындайча айтканда, адам баласынын өзүн-өзү коргоо сезими эң башкы орунда турат. Ал эми психологдор болсо, буга кошулушпайт. Алардын ою боюнча коргонуу сезими башта эмес, кийинчерээк келет. Алар бул оюн далилдеш үчүн ичип-жеш сыяктуу физикалык муктаждыктардын бар экендигин, ишеним сезими менен байланыштуу муктаждыктардын кийин келе тургандыгын айтышат. Бирок бүгүнкү темабыздын негизи болуп саналган адам баласы жашаш үчүн канчалык кардын тойгузууга, суусунун кандырууга мажбур болсо дагы өзүнүн жашоо коопсуздугун сезген мезгилде, башкача айтканда, кандайдыр бир кооптонуу, коркуу сезими менен жашаган учурда тамагынан бир тамчы суу дагы өтпөй, жада калса, дүйнөдөн ырахат алуу сезимдери да, өз маанисин жоготору бештен белгилүү. Эгерде, адам баласы үчүн өлүм коркунучу туулса, албетте, ал биринчиден, өз жашоосунун коопсуздугун камсыз кылууга, өзүн куткарууга жана коргоого аракет кылат эмеспи. Ишеним сезими кандайдыр бир ишеничке таянган инсандын рухий абалын түшүндүрөт.[1]

Ишеним сезиминин улануусу, түздөн-түз анын туруктуулугу менен байланыштуу. Өзүбүз анча маани бербесек дагы, күндөлүк жашообуз ар түрдүү кызыктуу окуяларга бай. Мына ушул болуп жаткан окуялар дайыма эле оң, позитивдүү боло бербейт, негативдүүлөрү бизге терс таасирин тийгизип, кээде көпкө дейре, өзүбүзгө келе албай кыйналабыз. Ошондуктан, адам баласынын өзүнө, мейли финансы, мейли адеп-ахлак, мейли экономикалык жана саясий - социалдык, мейли башка жактардан болсун дайыма колдоочу, демөөр берүүчү бир таяныч издөөсү ошол ишеним сезиминин негизинде келип чыгат. Анткени,

---

* Анкара университети, теология факультети

[1] Бул тема үчүн каралсын: Хаяти Хөкелекли, Дин психологиясы, Диянет Фонду нашрияты, Анкара 1998, 156-158 б.

адам өзүн колдоор - коргоочу бирөөнүн бар экендигине ишенип, сезип жашабаса, жашоонун маңызын толук түшүнө албаган болор эле жана акырында өлүмгө алып баруусу ажеп эмес. Ал эми кээде, инсан, алган билиминин натыйжасында, талапка толук жооп бербеген таянычты дагы издеши мүмкүн. Чечмелеп айтканда, адам дүйнө-мүлккө, кайсыл бир кишилергё, же болбосо кайсыл бир мансап-бийиктерге ишенип, аларга таянышы, ишениши мүмкүн, бирок акыр түбү булардын да жок болушу турган иш эмеспи.

Ата-бабабыздан калган бир макалада мындай деген: «Адамга таянба - өлөт, дубалга жөлөнбө урайт». Бул макал бизге таяна турган нерсенин бекем, туруктуу, күч-кубаттуу, кыйрабай турган жана түбөлүктүү болуш керек экендигин айтып жатат. Ачка болуу, суусоо, уйку сымал жана башка физикалык муктаждыктар канчалык башкы орунду (ролду) ээлесе дагы, аткарган кызматы боюнча алгач келсе дагы, ишеним сезими адам баласы үчүн эң башкы ролду ойнойт. Анткени, инсан жалгыз жашай албайт, коомдо жашайт. Кай жерде, кандай чөйрөдө болбосун, дүйнөнүн, ааламдын ичинде болуп саналат. Бул чөйрөдө дагы өзүнүн ордун табышы керек, мындайча айтканда, толук түрдө болбосо дагы, чөйрөдөгү, коомдогу өз ордун билүүсү абзел. Эгер таянычы туруксуз, түбөлүктүүлүгү болбогон жана чыныгы түрдө жардам бере албаган нерсе экендигин адам баласы түшүнсө, анда ал учурда, анын руханий куч-кубаты алсырап, жан дүйнөнүн бейкуттугу бузулат. Бул руханий алсыроону, бир гана, бекем жана чыныгы таянычты табуу менен токтотуу мүмкүн болмокчу. Ишеним сезими бүткүл диндерде болгону менен, ислам дининин адамзатка алып келген ишеним сезими алардан абдан эле айырмаланып турат. Анткени, ислам дини инсандан, үй-бүлөнүн, коомдун жана бүткүл адамзаттын коопсуздугун, тынчтыгын орнотуучу өзүнчө бир системага окшош.[2]

Муну түшүнүш үчүн Курандагы «мумин»[3] сөзүнүн этимологиялык маанисин карап көрүү керек. Арап тилиндеги «амино» сөзү «өзүнчө ишенүү» маанисин туюнткандай эле, «бир нерсеге ишенүү» мааисине да келет. Ал эми, Курани -Керимде болсо «бир нерсеге ишенүү аркылуу өзүнө болгон ишеничти пайда кылуу» маанисине да, «Аллага ишенүү менен кудайдын колдоосуна кирүү» маанисинде да учурайт. «Мумин», башкача айтканда, «момун» кудайга ишенүү менен анын колдоосуна жеткен адам болуп саналат. Ал бул ааламдын жаратуучусу бир Кудай экендигине эч бир жандын, ааламда өкүм сүрүп жаткан тартиптүүлүктү, башкача айтканда, закондуулукту буза албай тургандыгына ишенет. Абсолюттук мааниде бийлик жүргүзүүчү бир гана-Кудай. Ааламдагы гармонияны эч ким буза албайт. Ошол себептүү инсан бул дүйнөдө, бул ааламда эч нерседен коркпой, өзүнүн коопсуздугун сезет. Адам баласында өлүм коркунучу бар, ал ишенбөөчүлүктүн жана кооптонуунун негизги себеби болуп эсептелет. Өлүм-бул жок болуу коркунучу. Жок болуу болсо эч нерсе болбоо коркунучу, башкача айтканда өлүмдөн кийин эч нерсе болбойт деп мүнөздөлөт. Чын-чынына келгенде, адам баласы «өлүм» сөзүнүн түпкү маанисин түшүнө алган эмес, «өлүм» сөзүнүн аркасында жаткан өмүрдүн бүтүшү, жаңы бир жашоонун гарантияланышына көзү жеткен убактан баштап, чыныгы коопсуздук дүйнөсүнүн босогосун аттаган болуп саналат. Ошондуктан «мумин» сөзү Курандын бардык жеринде «ишенген адам» маанисинде колдонулганы менен, бир жерде Кудай Тааланын касиеттеринин бири катары берилген. Бул жерде «мумин» бир нерсеге ишенген адам, анын колдоосуна кирген адам катары эмес,

---

[2] Каралсын: Dogan Cücelioğlu, İnsan ve Davranışı, İstanbul, 1991, 50-55- б.
[3] İbn-Manzur, Lisanu'l-Arab, 430- б.

чыныгы түрдө колдогон, тынчтык орноткон, бакыт тартуулаган жана ошонун негизинде бардык макулуктарга ишенимдүүлүк берген, бир гана Улуу Жараткан түрүндө колдонулган. Кудай Таала өзүн, мына ушундай негизде мүнөздөп көрсөткөн. Ошол себептүү акыйкат коопсуздукту камсыз кылган, бир гана Аллах болгондуктан, башкача айтканда, момун кул Кудайдын кудуретин, күч-кубатын сезип, өзүнүн жашоосун Улуу Тенирдин коргоосунда коргондон кийин, анын пайгамбарга болгон ишеничи да руханий күч-кубат берет.

Ал улуу инсан кичинесинен, башкача айтканда, ислам дининин пайда болушунан жыйырма-жыйырма беш (20-25) жыл мурда эле, «ишеничтүү Мухаммед» деп таанылган. Ага кырк (40) жашында пайгамбарлык берилди.[4] Ал пайгамбар боло электе эле караңгылык доорундагы араб элинин бузулган адеп-ахлак, диний принциптерине каршы чыккан. Аларга чыдамдуулук менен каршы күрөш жүргүзгөн. Алардын жаман жосундарын жойууга аракет кылган болсо дагы, араб эли, бутпарас араб эли ага «амин», башкача айтканда «ишенимдүү» деген атты беришкен. Себеби, ал кылган иштери менен, бардык адамдардын ишеничине татыган эле. Ага Кудай Таала тарбынан пайгамбарлык жана дин берилген учурда дагы, тектүүлөр, соодагерлер, кембагалдар, кулдар, кыскасы, коомдун бүткүл катмарындагы адамдар аны «амин» - (ишенчиликтүү) дешкен. Эгерде азирети Пайгамбардын жеке инсандык касиетине көз чаптырсак, ал улуу инсан Куранда негизделген коопсуздукту эң жогорку денгээлде, теория жана практика жүзүндө көрсөткөндүгүнө күбө болобуз. Куранда мындай деп баяндалат: «Мен силерге жөнөтүлгөн ишенчиликтүү пайгамбармын, силердин араңардан чыктым».[5]Буткул пайгамбарлар өз уругунан же болбосо өз элинен чыккан. Эгерде өз уруусунан чыгышпаса, аларга эч ким ишенишмек эмес. Ачыктап айтканда, өздөрүнөн болбогон адамды, пайгамбар катары кабыл алуу, түшүнүү аларга оор келмек. Ошондуктан, ишеним сезими адамдык эң маанилүү муктаждык болуп эсептелет. Адамдарды өзүнө ишендириш үчүн, биринчи кезекте, алардын ишенимине жетүү зарыл.

Азирети пайгамбар бир хадисинде мындай деген: «Момун адам - бул, башка адамдарга колунан жана тилинен зыян келбеген адам». Демек, мусулман адам колу менен какпай, тили менен сокпой, эч кимдин көңүлүн оорутпаган адам болушу керек. Пайгамбардан кийинки 4(торт) халифа доорундагы, андан кийинки Абоасирлер доорундагы, Селчуктар доорундагы, Испаниядагы Эмевилер доорундагы, Осмон дөөлөтү жана Орто Азиядагы бардык түрк мамлекеттер доорундагы букара элге, анын ичинен мусулман болбогондорго дагы, алардын башында турган бийлик ээлери, аларды кудайдын адамы деп билишип, жана ошого жараша мамиле тузушуп, мамлекетти башкарышкандыгына тарых далил. Осмон мамлекетинин падышасы Кануни Султан Сулаймандын катарында жана башка ислам мамлекет башчыларынын, өзгөчө түрк султандарынын: «Кудайдын сурагына кантип жооп берем, алардын бардыгы менин калкым жана Кудай Тааланын мага болгон аманаты» - дешип, бул ишке терең жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгын билебиз. Белград шаары мусулмандардын колуна өтүп, христиандар кыргынга учуратыла турган болгондо, ошол мезгилдин акылдуу муфтийи: «Бул иштин эсебин бере албайсыз» - деп, падышага каршы чыгат. Жалгыз эле мусулмандардын эмес, бийлигинин астындагы бардык адамдардын, адеп-ахлак менен материалдык, руханий жана экономикалык жашоосу менен байланыштуу ар кандай коопсуздугун камсыз

[4] M. Asım Köksal, İslam Tarihi, т. I., 159-б.
[5] Куран, Шуара сүрөсү. 26/ 107 аят.

кылуу - бул падышанын эң негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет. Убагында бул иштерди жүргүзүү үчүн, атайын вакыфтар курулган, зекат иштери боюнча бөлүмдөр түзүлгөн жана башка мекеме-жайлар, уюмдар пайда болгон. Ал учурда шаар башчысын, башкача айтканда мэрди шаардын коопсуздугунун гаранты болгон адам» деп атаганбыз. Ал эми университеттин ректорун болсо, «университет аманатка берилген адам» дегенбиз. Демек, бүткүл бардык нерсенин коопсуздуктун неигизинде, коопсуздукка маани берип курган экенбиз десем жаңылышпайм.[6] Башта айткан сөзүмдү дагы бир жолу кайталагым келет: «Ислам - инсандын, коомдун, адамзаттын ар тараптуу социалдык, саясий, адеп-ахлак жана үй-бүлөлүк коопсуздук системасы болуп саналат».

Ислам дини, ушундай кемчилиги жок бир система алып келген болсо, анда эмне үчүн бүгүнкү мусулман өлкөлөр, бардык жактан батыштан арта калаган.? Албетте, мунун көптөгөн себептери бар. Илимий изилдөөлөргө таянсак, мунун башында батыштын империялык мүдөө-максаттары да бар экендигин көрөбүз. Өкүнүчтүү, бирок бул реалдуулук. Менин оюмча, бул жерде артта калуусунун негизги себебин мусулмандардын өзүнөн издөө зарыл. Бунун жообун Курандан табабыз.

«Эй ишенгендер! Аллага жана анын элчисине чыккынчылык кылбагыла. Эгерде чыккынчылык кыла турган болсоңор, өзүңөрдүн аманатыңарга чыккынчылык кыла турган болосунар жана өз коопсуздугуңарга чыккынчылык кылганыңарды түшүнөсүңөр».[7] Бул аяттын таасаринде «коопсуздук» сөзүнүн маани-маңызын түшүндүрүү чоң мааниге ээ. Ислам бир эле теория эмес, ошол эле мезгилде практика да болуп эсептелет. Бир гана ишенип коюу жетпейт, ишенгендигин иш жүзүндө көрсөтө билүү керек. Барыңар билгендей эле Аллах Таала адам баласына эки дүйнө көрсөттү: биринчиси бул дүйнө, башкача айтканда, көзгө көрүнгөн физикалык аалам, ал эми экинчиси болсо - тиги дүйнө же болбосо акырет жашоосу. Акырет дүйнөсү, бул дүйнөлүк жашоодон өзүнүн түбөлүктүүлүгү менен айырмаланат. Ал эми бул дүйнө көз ачып жумганча өтүп кетет, демек, түбөлүктүү эмес. Куранда түбөлүк жашоого бул дүйнөдө жасаган амал-иштерибиз менен жетүүгө боло тургандыгы баяндалат. Ошол үчүн, эгер биз бул убактылуу дүйнөлүк жашообуз менен түбөлүктүү жашоого жетүүнү кааласак, бул дүйнөдө кылган иш-аракеттерибизди ислам динибиз үйрөткөн, адеп-ахлак принциптеринин негизинде аткарышыбыз керек. Кудай таала оо дүйнөнүн (тиги) бакубаттулугуна тунуу үчүн эки (2) шарт бар экендигин билдирет:

биринчиси - кудайга ишенүү,

экинчиси - кудай тааланын ыраазычылыгына жетүү, же болбосо жакшы иштер менен гана шугулдануу.[8]

«Ким бул дүйнөдө сокур болсо, оо дүйнөдө да сокур болот»[9] - дейт Кудай талаа. Бул жердеги «сокур» сөзү кадимки көздүн көрбөй калышы эмес, көөдөндүн, жүрөктүн көрбөй калышын түшүндүрөт, мындайча айтканда руханий кордук, сокурлук болуп саналат. Бул сыяктуу көптөгөн аяттар бар, алар пайгамбардын жолун нурдантып, жарыкка бөлөдү. Куран азирети Пайгамбардын адеп-ахлагын калыптандырды жана бүткүл мусулмандарга да

---

[6] Osman Turan, Büyük Türkiye Tarihi, т. 5, 148 б; Nazif Öztürk, İslamda Vakıf, 50 б.

[7] Куран, Энфал сүрөсү 8/27 аят.

[8] Куран, Асыр сүрөсү 103/ 1-3 аяттар

[9] Куран, Исра сүрөсү. 17/72 аят.

муну үйрөттү. Куранда кайрымдуулук, соопкерчилик жана кайыр-казирет иштери жөнүндө айтылганы менен алардын канчалык бөлүүсү жөнүндө баян кылынбаган. Демек, жакшылыктын чеги жок. Инсандарга ар дайым жакшылык кылган адамды, Азирети Пайгамбар «инсандардын эң жакшысы» деп мүнөздөгөн. «Ыйман кырктан ашык бөлүмдөн турат. Булардын бир бөлүмү көчөдө жаткан адамдарга залакасын тийгизген таш, топурак сыяктуу нерселерди жолдун чекесине алып коюу болот»- деп Пайгамбар көсөмдүк менен баса белгилеген. Бул хадис социологдордун көңүлүн өзүнө бурган. Ислам дини жөнөкөй бир дин эмес. Мусулман болуу оңой иш эмес. Ислам дини ар бир элдин улуттук баалуулуктары менен тыгыз байланышта. Бир элдин руханий дөөлөтү, адеп-ахлактык көрөңгөсү, салт санаасы жана башка ыйык нерселери адам баласын инсан катары тарбиялап, өстүрүүдө өзгөчө рол ойногону шексиз. Чыныгы мусулман болуп, көөдөндө бир Кудайга болгон ишенич баккан жана жакшылык кылууну өзүнүн эң негизги иши деп түшүнгөн адам эсептелерин унутпасак. Коомдо жашай билүү жөндөмүнөн ажырап калбасы үчүн, бул айтылып өткөн нерселерге терең маани берип, жүрөктүн түпкүрүндө туюуусу зарыл. Бүгүнкү күндө ислам дүйнөсү артта калып жатат дешет. Ооба, туура, бирок бул жерде ислам дининин эч кандай тиешеси жок. Мунун баары биздин ислам динин туура түшүнө албагандыгыбыздан болуп жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Кудай буюрса, биз, буткул мусулман элдери, Ислам динин чыныгы түрдө түшүнгөн адамдарды тарбиялап өстүргөн учурда, бул артта калуудан кутулабыз. Кайрадан бүткүл дүйнөгө өзүбүздүн ишенимдүүлүгүбүз менен таанылышыбыз ажеп эмес.

Кымбаттуу меймандар! Көңүл бурганыңыздар үчүн терең ыраазычылыгымды билдирем.